Бекитемин

Мектеп директору

Бектурганова Ж.Д.

# Зээндүү жана таланттуу окуучулар менен иштөө жобосу

1. Жалпы жобо

1.1. Зээндуу(шыктуу)-бул бир же нече иш аракеттердин жыйынтыгынын негизинде башка адамдарга салыштырганда жогорку жетишкендикке ээ болгон турмушта психикалык сапаты өрчүгөн система. Зээндуу бала - бул тигил же бул иш аракеттерде жогорку жетишкендиктерге ээ болгон бала.

1.2.Максат жана милдеттер

Максат: Балдардын өсүүсүнө шарт түзүп берүү

Милдеттер:

- Ар түрдүү диагностикаларды пайдаланып зээндуу жана талантуу балдарды тандоо.
- Сабак учурунда жекече иштөөнун негизинде балдардын өзгөчөлүгүн пайдалануу.
- Сабактан жана мектептен тышкары ар түрдүү иш чаралар уюштуруу.
- Зээндүү окуучулардын өсүүсүн жогрку деңгээлге жеткирүү.

1.3. Зээндүү балдар менен иштөөнүн пртнциптери;

- Жекече сабак беруу;
- Алдын ала окутуунун принциптери;
- Ишкердуулуктун бардык ыңгайлуулуктарын түзүү принциптери;
- Окуучулардын бардык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү жолдору;
- Сабактан тышкары учурда чыгармачылыкты остуруунун ролу;
- Окутууну өркүндөтүүнүн принциби:

1.4. Жобого катышкан катышуучулар;

- Мектеп администрациясы(диретор, завучтар)
- Мектептеги МБ жетекчилери
- Секция,кружоктун жетекчилери
- Соц.педагог
- Библиотекарь.
- Ата энелер

1.5. Мониторинг өтүүнүн формасы:

Форма

Өтүү мөөнөтү

Предметтик олимпиадалар - жылына 1 жолу

Окуучулардын жетишкендиктери боюнча жалпы мектептик конференция – жылына 1 жолу

Предметтик декадалар – жылдык пландын негизинде

Зээндүү окуучулар менен иштеген мугалимдердин иш тажрыйбасынан чыгармачылык отчету-педсоветте

Ички көзөмөл – жылына бир жолу

Спорттук секция, кружоктордун чыгармачылык отчету – жылына 1 жолу

Тематикалык конкурстар, көргөзмөлөр – жылына 1 жолу

Жетишкендиктер – жылына 1 жолу

Өнүгүүнүн мониторинги – жылына 1 жолу

## 2. Уюштуруу жана функционалдык милдеттер

2.1. Директордун Функциясы:

•. Окуу жүрүшүндө зээндуу окуучуларга түзүлгөн жылдык пландын негизинде пландын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү

• Зээндуу окуучулар менен иштеген мугалимдер жана окуучуларды сыйлоо жана материалдык өбөк(стим) түзүүгө фонддо белгилөө.

• 2.2. Завучтун функциясы:

-жобого ылайыктуу окуу процессине байланышкан (расписание, окуу пландарды регулировкалоо, коррекциялоо)

- Нормативдик документтерди жасалгалоо

- Программалардын разработкалары.

- Зээндуу окуучулар менен иштеген иштин отчетун даярдоо

- Зээндүү окуучулар менен иштөөдөгү көйгөйлөр боюнча семинар өтүү жана уюштуруу

- Зээндүү окуучулар менен иштеген мугалимдерге методикалык жардам көрсөтүү.

- Зээндүү окуучулар жөнүндө так маалымат чогултуу

2.3. Метод бирикменин жетекчилерини функциясы:

- Мектеп ичиндеги декадаларды ,олимпиадаларды (жылына 1жолу)пландоо, өткөрүү

- Предметтер боюнча жогорку деңгээлдеги суроолордун жана тапшырмалардын материалдардын разработкалары (дайыма)

- Зээндүү окуучулар менен иштөө пландарын , олимпиаданын ,декаданын, тесттин жыйынтыгын ж.б чагылдырган стенддерди түзүү

- Зээндүү окуучулар менен иштеген мугалимдердин чыгармачылык отчеттору

2.5.Предметник мугалимдердин функциясы:

- Зээндуу окуучуларды тандоо.

- Зээндуу окуучулар менен иштөө планын тузуу.

- Жекече иштөөнү уюштуруу

- Мектеп ичиндеги жана райондун деңгээлиндеги олимпиадаларга,конкурс,викториналарга конференцияларга даярдоо

- Жыл ичинде мектеп ичинде көрсөткүчкө ээ болгон окуучуларды чагылдырып туруу, конференция өтүү

- Окуу кабинеттеринде зээндүү окуучулардын деңгээлин көтөрүүгө ылайыктуу материалдарды камтыган картотекаларды түзүү

- Зээндүү окуучулардын ата-энелери менен балдарынын өсүү жөндөмдүүлүгу боюнча консультацияларды өткөрүү

- Зээндүү окуучулар менен иштөө отчетторуна даярдануу

2.6. Класс жетекчилердин функциясы;

- Бардык жагынан таланттуу жана зээндууу окуучуларды тандоо

- Тарбия журналына жана дневниктерина жөндөмдүүлүгүнө жараша кружок,секциянын жетекчилери жана пред.мугалимдер менен бирге таблица толтуруу

- Класстагы жөндөмдүү жана зээндуу окуучулар менен тарбиялык иш жургүзүү планын иштеп чыгуу

2.7. Кружок жана секция жетекчилеринин функциясы;

- Зээндүү окуучуларды тандоо

- Зээндүү окуучулар менен иштөөнүн чыгармачылык отчетун уюштуруу

- Класс жетекчилерден айрым маалыматтарды алуу

- Зээндүү окуучулар менен иштөө отчетторуну даярдануу

**Окуудан өзгөчөлөнгөн, таланттуу балдар менен иштөө**

Талант- бул адамдын башка адамдарга салыштырмалуу ар кандай чөйрөдө өзгөчөлөнгөн ийгиликтерди жарата алуусу.

Таланттуу окуучу - бул окуу материалын оңой өздөштүргөн, ойлоосу терең, билим алууга абдан дилгирленген, кайсы бир учурда таңгалдыруучу ийгиликтерге жетишкен окуучу.

Окуудан талантуу балдардын эс тутуму абдан жакшы, ойлонуусу абстрактуу болот.

**Өзгөчөлөнгөн , таланттуу балдар жалпысынан төмөнкүдөй мүнөздөргө ээ болушат:**

•. Адамдык жакшы сапаттарга ээ;

• Адилеттүү, адилетсиздикке жол бербейт:

• Өзүнө жана айланасындагыларга жогорку талаптарды коё билет;

• Фантазиясы кучтуу;

• Дайыма проблемалуу кыйын материалдарды өздөштүрүүгө умтулат

Окуту, тарбия берүү, өнүктүрүүнүн бирдиктүү системасына жана анын негизинде коомдун талабына ылайыктуу түзүлгөн таланттуу окуучунун модели:

**Окуучунун модели**

| Инсандык сапаттар | Ишкердүүлүк сапаттар |
|---|---|
| - Өзүн – өзү өнүктүрүүгө ынанышы<br>- Интеллектисин өнүктүрүүгө карата муктаждыктары<br>- Толлеранттуу<br>- Адамгерчиликтүү<br>- Билим алууга дилгирлиги<br>- Ачыктыгы<br>- Жоопкерчиликтүү<br>- Өз пикири бар | - Лидер болууга умтулуусу<br>- Чыгармачыл<br>- Коллективде иштей алуусу<br>- Ар түрдүү кырдаалга карата адаптацияланышы<br>- Атаандаштыкка жөндөмдүү<br>- Баарлаша билүү |

**Өзгөчөлөнгөн, таланттуу балдар менен аткарылуучу иштердин формасы:**

- чыгармачыл иштер;
- факультативдик, кружоктук иштер;
- Илимий-изилдөө иштери (долбоорлор ж,б.)
- Конкурстарды өткөрүү;
- Интеллектуалдык марафондорго катыштыруу;
- Илимий-практикалык конференцияларды уюштуруу;
- Олимпиадаларга катыштыруу;
- Башка окуу жайлары менен кызматташуу ж.б.